Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 1314
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Молдо Кылыч

Үркүн

Институт языка, литературы и истории
Рукопись
Инв. № 1314
15/XII-56 г.
АН СССР

М. Кылыч

1.

## ҮРКҮН

(баштапкы)

Салдат сурап Никалай
Кыргызды камап болбоду,
Кайрат кылды Никалай
Тилегин кабыл болбоду.

Карангылык кайран эл
Тескери карап толгонду.
Кара кыргыз баласы....
Ысык келден козголду.

Каршы чыгып орусмен
Батыркан чыккан Белектен,
Элден мурун козголуп,
Саяктар келди төмөнтөн.

Күнү түнү көчкөн эл
Күрментүдөн өтүшүп
Өргүбөстөн ал жерге
Түн гатып ары көчүшүп.

Шатынан оозу талаадан
Бураган ок чыкты
Жаман какол оңбой кал
Түп басалке калаадан.

Бет алышып урушпай
Чуулдап ары качканы
Барсылдатып артынан
Мылтык менен атканы.

Томук ислак
6-97-03

Кудай өзүң сакта деп,
Калайык жаман калтырап
Кырып кирди катугун
Кылыч чаап аткылап.

Аткылаган орустан
Олжо болуп аларда
Качып берген кайран эл
Тукумсуз өзү каларда.

Жанын алып калмака
Күлүк атты урганы
Себеп болуп бир бала
Орусту кайра тосконуну.

Чымын жанын аябай
Кыргыздарга чеп болуп
Жыйырма жашта бул бала
Эл оозуна кеп болду.

Жер жайнаган кыргызды
Кабылыкты ашырды
Кайрат кылып душманга
Орусту кайра качырды.

Калканч кылып бир ташты
Мылтык менен атканы.
Күчөнгөн жаман какоолдор
Кайта айланып качканы.
Толуп келген кайран эл
Суу сепкендей өчкөнү.

Уруш салып чыдабай
Чубулдап ары кечкенай.

Чатак салып орус мен
Кытайга карап качышты
Туптегу жаман каколмен
Эки сагаг атышты.

Кечуп Келден катугун
Кытайга карап женеду.
Чатакты салдык аябай
Башка туше керелук.

Элдин алды чуулдап
Табылыкты конуптур
Качып берди катугун
Жуда аламат болуптур.

Аламан тушту бул элге
Куну туну жол журдук
Амал барбы кантелик
Өргубедук бир жерге.

Үч уктаса туште жок
Кердук минтип сонунду.
Өлумден калган бусурман
Сары жазга чогулду.

Кызыл май болуп журалбай
Жолдо калды далай мал.
Кафир менен атышып
Окко кетти далай жан.

Артта калды биздин жер
Каным тегуп калк ҮЧҮН
Намызына тырышып
Шейит өлдү далай эл.

Сары жаздан эл көчүп
Үкүрчүгө конгонай.
Кудай салса көрдүк деп,
Маскара минтип болгонай. ) – рефр.

Үч капкактын оюна
Өргүйлүк эми кичине
Кыжылдашып тил билбейт
Калмактын келдик четине.

Өткөзбөдү калмактар
Чегараны бекитип,
Жаман сөздү көп айтып
Сөөккө жаман жеткизип

Акырында калмактар кыргыздардын
Барысын койдой кылып чуулашы
Көтжактан келип көп орус
Кызыл уштан ок атты.

Замбирек үнүн уккан соң
Калмагыңды билбеди
Көзүнө такыр илбеди
Кытайдын жерин тепсетип
Аралашып киргени.

Кайта оруска бет албай,
Ары карай өталбай
Айла кетти катугун
Чек арадан өтө албай.

Кужулдашып баары
Орто жерге камалды
Кажылдаган ит калмак
Четинен тийип мал алды.

Музарт деген чоң суусу
Кирип жаткан кези экен
Төөнүн жүгүн чечпестен
Кечүү карап кечпестен
Жардын башын уратып
Өкүргөн өгүз андан көп
Жаш балдарын бакыртып
Суугa салган мындан көп.

Калмак чыгып ар жактан
Камалдык орто жерине
Көздү жуумп атышып,
Калмактын бардык элине.

Көп айткыч нечен азамат
Жаман сөзгө боктотту.
Мылтык менен аткылап
Жаман калмак токтотту.

Орустан көрдүк кордукту
Талап алып мал мүлкүн
Амал барбы катугун
Калмактан көрдүк зордукту.

Суроосуз өзү ит калмак

Сүйдү нелен перлерди

Ар бир асыл мүлкүмен

Жетелеп кетти төөлөрдү.

Убайын көрүп бул малдын

Сойбодук субай тайларды

Жер жайнаган көп малды

Калмактар бөлүп айдады

Ойлоду канча калайык

Ак терекке бармакка

Асык колдон айрылып

Мусапыр болду калмака.

Кытай калмак жерине

Качкан эл барып жайнады

Кыштын күнү чубатып

Музартка кайта айдады.

Уяты жок калмактар

Жылкыдан тийип алганы.

Бир жагынан балдырап

Черик тердин кырганы.

Ачарчылык баштады

Кургак талкан сугундук

Тынч албадык ал жерге

Музартка кайта чувадык.

Көлдөн качып бараткандагы, жанада керген азап кордук кана жазылды. Жана дагы ак терек көк терек деген жерге келгенде калкты тынч койбой, ортток-музарт деген кытай менен орустун чегарсына кыштайсың деп кытайдын жаман салдаты мылтык менен аткылап камчымен чап дегендей кордук көрсөтүп калкты кайра музартка айдагандагы бир эки ооз сөзү да айтылды. Энди шол орток музартка калктын бейли бузулган жеринен баштап жазууга талап кыламын.

## КАТҮГҮН

Ортоң музарт кыштадык
Үйүбүз жок катүгүн
Бышылдатып көк талды
Сайма алачык аштадык.

Текес деген жер экен
Кекиртектен кар экен,
Конуш күрөп кыйналдык
Көлдү санап ыйладык.

Өртөң музат боюна
Жыйналды бары катүгүн,
Оору болгон немедей
Кыйалды бары катүгүн.

Оймо-чийме шырдагын
Жыйнап сатты катүгүн.
Бутунсуукка үшүтүп
Ыйлактатты катүгүн

8.

Калмак керсе ашынып
Бужундеду катугун
Жаман калмак оңбойкал
Кужулдеду катугун

Табак менен эт асап
Сунушпады катугун
От алышпай уйунен
Урушканы катугун.

Чогулуп катын-кыздары
Отун алды катыгун,
Абышкалар жеткуруп
Коккйлады катугун.

Жарма кылып кек чаңгыл
Мытан ишти катугун
Ууру кирип калмака
Жандан кешти катугун.

Бирин бири карактап
Жолду тозду катугун
Талкан сурап калмактан
Колду тозду катугун.

Тынч алышып отурбай
Кыйналышты катугун
Тарпка уйулгон жорудай
Жыйналышты катугун.

Чоңдор билбес амалды
Балдар билди катүгүн
Атасына билгизбей
Кандай билди катүгүн.

Базарга салып кыздарын
Баалашышты катүгүн
Талкан кылып ундарын
Жарма ичишти катүгүн.

Калмак көрсө коркушуп,
Калтаңдады катүгүн
Чокой кийип бутуна
Талпаңдады катүгүн.

Туз татытпай суусуна
Тамак ичти катүгүн
Койдой болуп чуулдап,
Саналышты катүгүн.

Суу ичкендей кумсары,
Каны кетти катүгүн.
Өз колуна турбастан
Малы кетти катүгүн.

Жылтыраган буюмун
Жыйып сатты катүгүн
Оң болбоду жолубуз
Бакыт качты катүгүн.

Бир биринен жашырып
Тамак ичти катүгүн.
Ченепичин мыскалдап
Санап ичти катүгүн.

Жаркыраган кыздарын,
Сартка сатты катугун
Узабадык илгери
Артка тартты катүгүн

Күндө көчүп ар жерге
Конуш кылды катүгүн
Кир жуубаган калмакты
Болуш кылды катүгүн.

Өлгөн малдын терисин
Тулуп кылды катүгүн
Жаман калмак байына
Жумуш кылды катүгүн

Аркан жипти чогултуп
Нанга сатты катүгүн.
Чоюлган нечен кыздарды
Малга сатты катүгүн

Ээр токумун көтөрүп
Алгын дети катүгүн
Өз катынын сүйбестен
Баргын деди катүгүн.

Жаман калмак балдары
Зор болгону катүгүн

Кара кыргыз баласы
Кор болгону катүгүн.

Такымдары курушуп
Куур кийди катүгүн,
Бирин бири карактап
Ууру тийди катугун.

Эки-экиден салышып
Жееке бойду катүгүн
Жалган айтып барысын
Деегү бойду катүгүн.

Олуя кылып калмакты
Кетерүштү катүгүн
Абышкалар белим деп
Жетелүштү катүгүн.

Кокуй калмак келди деп
Элтеңдеди катүгүн.
Оору тийип кебүне
Темтеңдеди катүгүн.

Жаш балдарын сатышып
Бул алышты катүгүн
Кара тумоо кебейүп
Суналышты катүгүн.
Көздүн жашын кел кылып
Тегүшкөнү катүгүн
Ыйман айтып елгенүн
Кебүшпеду катүгүн.

Опасы жок ол жалган
Элди алдады катыгүн
Алдырбадык акыры
Кимди алды катыгүн

Көп ойлобой заманды
Унуталы катыгүн
Эски жалган дүйнөнү
Куруталы катыгүн

Шол азаптан кулдуктан куткарган бизге күндөй тийип турган бул кеңеш өкмөтүн шончалык кадырын билип шол азаптан бизди куткарып чыктың деген

фикир менен жүрөгүмдөн эң ысык кайнаган жеринен чыгарып жашасын бул өкмат деген макала жаздым кубаныч менен, жашасын өкмат?

Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 1315
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Молдо Кылыч

Бүркүт тою 1315 (ч)

Куштордун айтканы

Куш өзөнү

(копия с араб. алфавита)

Сказ о землетрясении

(перевод на русс. яз.).

Копия с араб. алф

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1315
Кир. ФАН СССР



## ЧҮЙЛӨРДҮ АЙТКАНЫ

## ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

Ушу газал йкып Тургөн уулу 1911 жылы Молдо Кылычтан жазып алган экен. Шонуң нускасынан язылды. Жазуучу Наалкан яки Чоро уулу 1927 жылда Нарын кантону жубан арык болушунда.

## МОЛДО КЫЛЫЧТЫН ЧҮЙДҮ АЙТКАНЫ

Мен айтамын санатты
Казалдарды көп жаздым
Канча такта кагазды
Мына Токмок калааны
  Келип орус ой кылды
  Иlкен башы далааны
  Каршы терши көп тилди
  Карагайга араны
Ойду тоону коруду
Орус деген калкыңдын
Кыйын экен буйругу
Малай кылды кыргызды
  Тил билгендин баарысын
  Кеңсаларга тургузду
  Күнөкөрдү коркутуп
Набактыга киргизди

Болуш коюп, бий шайлап
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далаазы
Илешнлары көп экен
Айыл конуп илгери
Жылкы салчу жер экен
Эмди кала орноду
Баш аягы базардын
Ат чабымдай болжоду
Тиккен багы терегi
Тиктеп турса адамдын
Эсеп жетер болбоду.
Токмокко шаар толуптур
Ар уруктан көбөйүп
Толгон базар болуптур
Дунганынын баарысы
Маңдайына чыгыптыр
Кара коңуз кербени
Калың шаар кылыптыр
Абайласаң Токмокдон
Эки жерди оросо
Какоолуда мужугу
Баарынын бир болушу
Кызыл суулу Шамшыны
Эгин жайы кылганы.

Отор барган жылкыдай
Орустардын уйлары
Өгуздөру дөбөдөй
Кудай бетин көргөзбө
Багры жуда байыптыр
Каколдору төрөдөй
Кудай урган капырдын
Колго баккан малындай
Чочколорун карачы
Эрчип журет чубуруп
Он экиден балдары уз
/Энесинин артынан/
Ушунетип ырандар
Өз дининен яңылды
/Ит чочкону мал кылды/
Токмоктункалын орусу
Топтогон чочко доңузу
Басарга барып карачы
Бастырып журесө жол бербейт
Араба менен чанасы
Дукенге кирип караса
Дунуйөлөр сонунлар
Аңкайып карап турасың
Адамдын жетпейт санаасы
Жакалуу десең чапан бар,
Жыйып койгон жугундөй
Кездеме менен мата бар

Булгары десең жыйылуу
Дунуйөлөр сонунлар
Дукөндө турат уйулө
Көрсөң мына Токмокту
Кунде басар бакылдап
Уста деген бир тарап
Усаныл жатыр чакылдап
Думаналар календер
Оомийин деп кол жайып
Көчөдө журет какылдап
Дунгана журөт чакырып
Чыныктан челек асынып
Төрт бөлүккө тоесуң
/Төбөсунө кеп алып
Чекесин кунгө катырып
Журө берген эркинче /эрикбей/
Өз тилинче бакырып /чакырып/
Абайласаң Токмоктон
Ак сарайлуу тамы бар
Салакалуу жасалган
Сарт ногойдон байы бар
Самоорчуга карасаң
Ак чайнекте соалды
Демдеп койгон чайы бар
Дунуйөсу даңдаяр
Басар деген жаны бар

Жер устунде ажайып
Аты билде дагы бар
Айтылгандын баары бар
Мал базарга барсаңыз
Наргы чыын болуптур
Кой басарга кыжылдап
Казак,кыргыз толуптур
Чыр жанжалды тыюуга
Дагы болсо орусдан
Керенечти коюптур
Алып сатар ялдапдар
Алып байда кылбайбы
Он тыйындан беш тыйын
Куйрук,жалын туйдуруп
Жаш балдарга миндирип
Ат буткэнду чубатар
Акча деген бачагар
Кандай асыл малдарды
Арсан баага суратар
Тандамалдан аласың
Салып берсең колуна
Жыйырма теңге акчаны
Басар барсаң мал арсан
Тандап журуп аларсың
Баратке менен тартипке
Айран асыр каларсың
Бачайын менен шайыны

Байкасаңыз жигиттер
Беркасамдар жайылуу
Төрүңүзгө жарашар
Турат асыл килемлер
Кыйгач туруп киерге
Кытай калпак бөркү бар
Кылыч, мылтык, бардеңке
Ар жабдыктын баары бар
Баары белен турбайбы
Басар деген жаныбар.
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы
Калкы журтун карасаң
Калың айдат экен го
Кара таруу, буудайды
Буурчак менен жүгөрү
Бул кылууга барысын
Жарды дебей бай дебей
Көп айдаптыр бедени
Арнемеден үрүгү
Арбын экен жаныбар
Кара куурай сыгыры
Салып туруп соотко
Сыгып алар майы бар
Кытай конок күнжаут
Үрүктары дагы бар
Дунгана да орусда
Адам жечүү тамактан

Ар уруктун баары бар,
Картошкоден шалгамы
Араласаң жол бербес
Алча менен алманы
Арбын экен көбунче
Бышыкчылык маалында
Өрук менен шабдаалы
Чийеси бар тыты бар
Алмурутдай бир жемиш
Жаңы чыкты ушу бар
Мисте менен бадамы
Капта турат жайылуу
Топтоголок жаңгагы
Дуңганада бар экен
Капушта деп бир жемиш
Сабиз пияз торо боор
Куруч кылып жесеңиз
Калемпир да мурчу бар
Ачуу болор тугөнгур
Ашка салса курчу бар
Кызыл алма багында
Барып көрсөң басарлан
Дунуйөсу жанында
Куз убакты болгондо
Ар жемиштин баарысы
Казан болуп толгондо

Жузум менен анары
Бышыкчылык маалында
Бул жылкыгы кадакы
Коон менен дарбызы
Арсанчылык маалында
Бир тыйынга жалгызы
Ашкабак бадыраң
Арбын болор баарызы
Бир тыйынга экиден
Алмалардын сарысы
Арабада коону
Алты тыйын беш тыйын
Дарбызынын жоону
Кузге маал болгондо
Кыйын экен мына бул
Чуй элининдоору
Далаадагы жемиши
Карагаты булдуркөн
Кожогаты чийеси
Дунуйөсу тегизи
Дан куурай дейт бир жемиш
Татканым жок жаныбар
Жерге чыккан мөмөсу
Көктөмөдө жемиши
Тизе бою текейи
Мандалактын семизи

Ишкын менен сарымсак
Абайласаң жаныбар
Айдагандай тегизи
Балтырканы билектей

Балжуранын карасаң
Жалбырагы этектей
Козу кулак кымыздык
Бул өндөнгөн жемиштер

Жерде жатат тезектей
Абайласаң чуйдөгу
Жер суусунун кенени
Ою менен тоосунда

Калың арча карагай
Жыгачынын кенени
Издеп журсөң табасың
Бул адамдын өзунө

Буюм кылчу керегин
Ар кайсынын табылгы
Издесеңиз табасың
Жер чөбунөн дарыны

Ыды куурай карандыс
Катырыңкы дулдана

Ар салада сар жыгач
Кайың менен четинди

Кашаа кылар короого
Абайласаң жаныбар
Дунуйесу тугелу
Мал аралап жургусуз

Чыккан чебу мурелу
Жалбырагы билекдей
Кара куурай суттукен
Кузге маал болгондо

Кулкайыры билектей
Камыш менен жекени
Карап турсаң калыңы
Эгип алган теректей.

Кызыл жашыл сарала
Байчечекей ыраңы
Уу коргошун дагы бар
Малга жаман залалы.

Боз караган жылгыны
Алты канат морон
Карап турсаң тоосунда
Катуу кара шилбини

Чычырканак сеңетте
Ак чечектен жыгачы
Ар буюмга керектуу
Сагыз куурай чекенде

Ар бир турлуу чептер көп
Атын билбейм неченди

Ак куурайы билектей
Кендирлерин карасаң
Келептеген жибектей
Топчу куурай камгагы
Ак тикени уйгагы

Алабата шыраалжын
Калың болор бу дагы
Какум-кукум тотабан
Болор бияз жер чайдан
Дары болчу чөптөр бар
Издеп табар ар кайдан
Тегерек баш сар куурай
Чачыраткы ак куурай
Атын билбейм анчалык
Ар бир турлуу көп куурай
Адырашман ыкшары
Аткулагы чалканы
Кызыл куурай чогойно
Коко тикен чырмоогу
Айдагандай чыкканы
Кызыл мыя жалбызы
Жылтырканы шыбагы
Чыккан чөбу кызыл от
Чийе менен жемиши
Тулку куурай мизибек

Бийикке чыгар жаныбар
Бетегеси ыраҥы
Ажырыгы шибери
Аракыяк буудай баш
        Айдап алган бедени
        Кедее менен таргылы
        Көрсөҥ чырчы жермегуш
        Кетубоштун арбыны
Айта берсе батпаган
Адам атын таппаган
Эчтеме жок дегеле
Чуй ичине чыкпаган.
        Тогуз тебе теҥге чеп
        Жалбырагы дагы бар
        Доҥуз сырты ычкырлык
        Турлуу чөптун бары бар.
Чекилдеги чырышы
Сасык тана улаҥы
Куу кылуучу куурайы
Тоого чыккан шимшууру
        Мал жегенге кереги
        Кызгалдагы кызарып
        Ар бир турлуу чечекей
        Көрөр болсоҥ кырмыскы
Көктөмөдө жашарып
Турлуу турлуу гулдөру
Кызыл ашыл сарала
Байчечекей буралар

Кебурканын керсенуз
Айдагандай атайы
Жайлоосун чымырчык
Жер бурчагы жапайы

Чыккан чебу дарысы
Мен думана чечендер
Сууга чыккан жанузак
Дары болор барысы

Калын болар эрмени
Карга тырмак терскен
Кыйын болор чыгымы
Кызыл кулу серени
Кеке мерен ар басын
Бар янибар биледи
Мамырнын дарысын
Байда кылды кудайым

Чуй ичини байкасан
Ушулардын барысын
Жери кенен далаасы
Тиккен багы мемелу

Терек кара жыгачы
Айдап алса эгинди
Ышбай калар дебейсин
Жаздымы жок бышканы.

Куручунун курмегу
Даны кадым бурчактай

Маш уругу ураанн
Кызыл конок арпасы
Кыйын бышар тамеки
Исык болор жанныбар
Чуй боюнун жакасы
Керсен бурчак солосу

Калың болор оруста
Кунге багар уругу
Айдап алып кек нарды
Апийим деген кеп алды
Кабыста айдап бышырып
Боек касып чыгарды
Кен Чуй ата жаныбар
Келиштирип суйлесе
Керекиндин бары бар
Эки таштан езу бар
Бор бышырар ташы бар
Кен орногон тоосу бар
Керек десен жошо бар
Көктемеде кегерер
Кузге маал болгондо
Берекеси кебейер

Бышыкчылык бышканда
Жер жемиштин баарысы
Жер үстүнө чыкканда
Саратаны чакырып

Саратан боз учканда
Сараладуу айрылар
Сары балда ташканда
Сыркыраган сайгагы

Үйгө толуп алганы
Бөгөнөгү бүргөсү
Мийзам болуп учканы
Бетиңизге урулар

Жөргөмүштүн желеси
Кең Чүй ата жакасы
Чарылдаган бакасы
Ийнелиги көгөнү

Кенен болот жаныбар
Кылкылдаган өзөнү
Кара суула кундусу
Кашкулагы мадылы

Кызыл карсак түлкүсү
Арбын болор карышкыр
Аюу ,жолборс ,илбирси
Шимеңдеген чөөлөрү

Тай сулөөсүн суусары
Ачкүзөнү түяны
Арбын болор жүргөнү
Кашкулагы мадылы
Карап турсаң каңкылдап
Соорусунун ар жоны
Кең Чүй ата жаныбар
Абайласаң жеринде

Ар жаныбар уругу
Тандап атып алгыдай
Талаасында элиги
Бугу,марал мындан көп
Тоосундагы кийиги
. . . . . . . . . .
Бугусунун башында
Эчки теке жаныбар
Тайгаланбай ташына
Аркар менен кулжасы
Атып алса күзүндө
Үйдүкүндай жамбашы.
Коендору козудай
Карап турсаң жаныбар

Коондору сокудай
Байкап турсаң суусунда
Балыктары манектей
Кудай бетиң көргөзбө
Сар жылааны билектей
Карап турсаң Чүйдөкү

Кара курту көмүрдөй
Курт,кумурска,бей-чаян
Көпчүлүккө дегени
Тилингени билинбей

Жылан менен чаяны
Арбын болгон менен да
Адамга жок зыяны
Туктуу сары жаныбар

Музоо баштын ырагы
Кескелдирик дагы бар
Билерик дейт бир жанды
Узундугу бир карыш

Бу да сонун жаныбар
Ар жаныбар уругу
Чүйдө болот турбайбы
Айтканымдын баары чын

Жалган кепти кылбаймын
Молдо Кылыч бечара
Көрбөсө да сураса
Кудуретти нуф билем
    Бир жараткан кудайды
    Кең Чуй ата жаныбар
    Кенен эле жер экен
    Ушулардын баарысы
Айтканымдай кеп экен
Абайласаң жарандар
Ар жаныбар толду бар
Ыскырылып сайраган
    Чегирткенин уну бар
    Тикенектей сайылган
    Жер кирпинин түгү бар
    Кирпичечен өзү бар
Арчыкандын карасаң
Шибегедей тиши бар
Арчыканды карасаң
Тээгиндей тиши бар
Карап турсаң капкара
    Конузлары муштумдай
    Сар жыландын чоңдугу
    Жаш баланын бутундай
    Чегирткеси сакадай
Көбөлөктун чоңдугу
Көйнөгүнө салгыдай
Кадим алка жакадай
. . . . . . .. . . .

Ичи ала көлөкө
Жаачыруткa түшкөн барабан
Ар жандары бир бөлөк
Жаны курбан алдага
Ташпакасы калбайып
Көл бакасын карасаң
Жан аяктай балпайып
Суусундагы суу жылан
Сонун болор көрсөңүз
Кара кылдай кыл жылан
Абайласаң жаныбар
Сонун эле жер экен
Арнемени ойлонуп
Айта берсе көп экен
Канаттуудан аяктуу
Карап турсаң акыры
Илбесини көп экен
Кызыл куйрук сар барпы
Ала чырчык жаныбар
Чегирткенин душманы
Сууучул кара суроо
Суудан учуп чыкканы
Көк жылкычы кучкачы
Майкөт чымчык борбашы
Калың болор каракач
Арсынардан жолдошу
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы

Кеч Кочкордун чоң суусу
Төмөн карай киргени
Капчыгайдан кошулуп
Эки Кемин далаасы
Эр Шабдандын өрөөнү
Жерге таштын үчүгү
Текеликтин сезири
Көлдү казак жер деди
Күнгөй жакы жерини
Карабалта кайыңды
Бир түрлүү жан мына бул
Чыркылдаган чили бар
Мына Чүйдүн ичинде
Бөдөнөнүн кени бар
Белгилүүдөн биз билдик
Кара сууда кашкалдак
Калың болор илбесин
Бабылканы үкүнү
Жазгы келген сүрөсүн
Канаттуудан үлкөнү
Кара бүркүт өрөнү
Чакчыгайы чакылдак
Аладуңга чыйпылдак -
Эчки маарак бабылдак
Карача торгай каргачат
Боз таркылдак короолу
Борма моюн дагы бар
Торалаңай таранчы

Адам атын таппаган

Торала тору кучкачлар
Чуйде калың баласы
Болду мына бу сөзум
Буткерейун тетесун
Ката болсо ондоп кой
Болсо сөзум баласы
Айыптап секпегун
Дин мусулман баласы

Мелис. Копия снята в 195
Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1315 (ч)
Кирг. ФАН СССР

МОЛДО КЫЛЫЧ

## БҮРКҮТ ТОЙ

Мурун өткөн заманда,
Жан жаныбар аманда,
Ар уруктун батыры,
Эрки менен болгондо,
Алсыздарын алдырып,
Эси чыгып олондо.
Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт баатыр той кылды.
Ал жеткенин алдырып,
Канаттуунун баарына,
Катуу бүлүк салдырып.
Жагалмайды жиберди
Жалпы чоңдун баарына.
Барып кабар сал деди.
Үкү куштун жакшысы
Бабыраган куштун башчысы
Баары келсин деп айтты.
Бүркүт баатыр улугу,
Карчыга куштун кембылы,
Кошо келсин деп айтты.
Ылаачындай алгыры.
Ителгидей илгири,
Бу да келсин деп айтты.
Кыргый келсин кылылдап,
Турумтай келсин шылылдап,

Копия снята в 195

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 1315 (ч).

МОЛДО КЫЛЫЧ

## БҮРКҮТ ТОЙ

Мурун өткөн заманда,
Жан жаныбар аманда,
Ар уруктун батыры,
Эрки менен болгондо,
Алсыздарын алдырып,
Эси чыгып өлгөндө.
Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт баатыр той кылды.
Ал жеткенин алдырып,
Канаттуунун баарына,
Катуу бүлүк салдырып.
Чагалайды жиберди
Жалпы чөлдүн баарына.
Барып кабар сал деди.
Үкү куштун жакшысы
Бабыраган куштун башчысы
Баары келсин деп айтты.
Бүркүт баатыр улугу,
Карчыга куштун жамбысы,
Кошо келсин деп айтты.
Шумкардай алгыры.
Ителгидей илгири,
Бу да келсин деп айтты.
Кыргый келсин кыпылдап,
Турумтай келсин шыпылдап,

Куркулдаган кузгуну
Карышкырдын жолдошу
Мен үчүн жаның кый деди
Кара куштун баарына
Кабар салып жый деди.
Тоо башында жорусу,
Ак калырдай зоруна,
Ташкардай далбакка,
Илек-илек калдакка,
Куйругу узун салпакка.
Ала карга чаркырак
Чекетаан сагызган
Баары келсин деп айтты.
Аксар менен кулаалы
Бу да келсин деп айтты.
Кайраты жок кубаары
Күйкө байчы келсин де
Адырдан чыккан жийсин де
Бурун келген мейманга
Жемиш кылып берсин де
Боз чымчыктын баарысын
Барбаш баатыр жыйсын де
Чабмекей керектүү
Чакырып кел деп айтты.
Күкүк менен Сейнекти
Баатыр бүркүт улугу
Ойлоп туруп кеп айтты.

Баары келсе агайын,
Кеңешемин деп айтты.
Жалпы жайын эл келсе
Той кыламын деп айтты.
Кеңешин жооп бер деди,
Ынтымакка кирбеген
Сонунду менден көр деди.
Ынтымактуу болсоңор
Тоо башында уларды
Көл боюнда куулорду
Кекилик менен чилерди
Өрдөк, чүрөк, каздарды
Аңдатып барын жыйып кел,
Бирин койбой жаадырды
Баатырдыкты макул деп
Баары айткан акыл деп,
Айтканынын баарысын
Аалыр жыйып келели
Баатыр бүркүт балбаны.
Кырдын кызыл түлкүсүн
Кылтый кармап олтуруп
Чеңгелин сере толтуруп,
Адырдан аркар алдырып
Кобуттан кулжа эңдирип,
Арыштарын арбайтып,
Чапмак атып көкөлөп
Эңиштен элик бөктөрүп

Эрдигине салдырып
 Кулжа менен текени
Куса кылып кеседи
Айбатын жалдан ашырып,
Аркыраган боруну
Текеерге бастырып
Айдап келип кумушка
Салып койду кашырды
Курт айдыган кок жору
Канын токкен таскара
Туу котерген турна
Байбичеса каркыра
Жасоол кылган башынан
Жагалмайдай учкулду
Эт кайтарып коштур
Этке жерик кузгунду?
Азанчы кылды тоокту
Астына карап байкачы
Темашаны зоокту
Таштан мечит кургуруп
Суудан таарат алдырып
Жайнамазын жайдырып
Ыймап кылды торгойду,
Башына селде чалдырып.
Кашкулак коцуз тер деди
Алыстан келген меймаанга

Соон үчүн бер деди.
Тазып калган кургур деп
Нүрееңг кой сой деди
Бооронду мыыткен
Бурунгуцду кой деди.
Алып келип оруку,
Кемегеш каз деди.
Майлыг казан бос деди.
Илек-илек чулдукту
Ичеги-карын жуу деди.
Жонго чаап жоруку
Эт жедирбей жуу деди.
Жумуш жонуу билбеген
Тажкарапын бажына
Сорпоцу жаба куй деди.
Кара боорчу ар урук
Кальң соно жуу ердек
Каркылдаган какшалдак
Безилдеген безбелдек
Суу бойлогон ак чардак
Кирпичечен түн жойлок
Ушуларлын бажысып
Аңыз менен алдырды.
Чечен болду булбулу
Торгой болду моддосу,
Кекилик алкан коргосу
Үнүп болду жолдоцу

Эшен болду кӱкӱгӱ,
Сопу болду ӱкӱсӱ
Кӱйке болду бийчиси,
Жоргемчи болду дарчызы
Ӱйчӱ кыдды мыйыкты
Тыйды баары кыйышты
Комус берди колуна
 Чегиртекеге черттирип
Сагызганды сайратты
Кее жомогун айттырып
Кӱкӱкке чоор тарттырып
Кыйгы кара карганы
Ӱйге тӱшпей кайт деди
Тазаркашы, жоруну
Кӱреш салып бер деди.
Суур берем байгеге
Жемиң айрып бол деди.
Билектерин тӱжӱрип
Ӧӧдӧ тӧмӧн сӱрӱжип
Канаттары бӱрӱжип
Карчый кармап бир-бирин
Калат жӱнӱн жулужып
Чеҥгелдежип тартыжып
Бири-бири алалбай
Байгезине жеталбай
Эч-очкеме тийген жок
Бӧрӱдеп калган тарптарга

Кашардан бийсиз алган жок
Ушакчысы таранчы
Биринен да жаңжал жок.
Салтанатын карачы.
Токойдон алды коенду
Кайран учкул ногойонду
Куу канатын жыйтырып
Байге болуп сайдырып
Чогулушкан бийлери
Байге болгон жерлери:
Баш байгеси куу болду,
Бирден соңго сайыптыр,
Койдой болгон тоодакты,
Баш байгеси ав болду,
Үчүнчүсү каз болду.
Төртүнчүсү уларды,
Бешинчиге сайыптыр,
Кекилик, чил чубарды.
Алтынчыга ордокту
Жетинчиге бөдөнө
Сегизинчи боз чымчык
Тогузунчу байгеси
Келести байлап коюптур
Онунчу сайган байгеси
Майда чычкан болуптур
Ат айдады баарысы
Чоң жол менен чубатып

Тентектик кылган балдарды
Чоң кол менен кууратып
Жолдон чыккан балдарды
Сабып журет сулатып.
Ак кулаалы салпаңдап
Эл чыырчы болду дейт
Ачалай куйрук карлыгач
Ат айдоочу болду дейт
Стреечу жолдон тосуптур
Кайра тарткан жеринен
Карчыга кыран озуптур
Шуулдатып канатын
Бирден кийин лаачын
Жеген жеми күч болуп
Чуйду келди үч болуп.
Күйүп жанып өрт болуп
Тынар келет төрт болуп
Анда-санда баркылдап
Ителги келет беш болуп
Шумдагай болуп учкансып
Кыргый келет артынан.
Оол кетип этинен
Турумтай келет жетиге.
Табу катуу сезимдүү деп
Жагалмай келет сегизге.
Жеген жеми коңуадан

Кулаалы келет тогузга.
Канжыгадан котеруп
Кара сандан бөктөрүп
Куйушкандан алышып
Куйкөдөн араң өткөрүп
Башы койдой экен деп
Байлап алды келести
Оку бөшү бирагин,
Айдап алды келести.
Өзүмдүн аты чыгты деп
Өңөрүп алды келести.
Көтүн жакшы селу
Тулуп кылып соелу.
Чеп чаларга тиши жок
Эчтемеден иши жок
Четиртке салгыч кылалы.
Каптальтан селу
Калып кылып алалы
Он болду куйке адамып
Онунчу чыкчан байгесин
Кулаалыдан талашып
Байге менен эл журттун
Талашкапып карашып .
Кулаалы куйке ой деди,
Талашканың кой деди.

Жер ÿстÿнде чычкан кöп
Жетер алып той деди
Онон жерден баатырлар
Олжосун бöлÿп алыпты
Торгойго курал окутуп,
Бата кылып калыпты.
Жай-жайына кетишип
Бет алдынан тарапты.

Перевод

Писатель – Молдо Кылыч ТОРОГЕЛЬДИН

# СКАЗ О ЗЕМЛЕТРЯСЕНИИ

Распространители – учащиеся-киргизы медресе "Галия" ( Уфа )

Право повторного издания принадлежит распространителям.

Право ответственности за Ишан-Галием АРАБАЕВЫМ

Казань
Типо-лит. Т-ва дома "В. Еремеев и А. Шашабрин" бывш. Ключникова
1911 г.

# П Р Е Д И С Л О В И Е

Известный поэт (акын) мулла Кылыч, происходящий из рода Сарбагиш, яснoязычный, из стоянки Кара-Кочкор, в течение 20 лет создал много поэтических сказаний. Ввиду дальности типографии он не смог издавать ни одной из написанных им книг и распространял их в рукописи и путем устной передачи народу. Среди наших киргизов не было ни одного человека, видевшего типографию. Мы же, когда находились на родине, слушали сказания муллы Кылыча, у нас поднимался дух и мелькало перед нами представление о вселенной. Думалось тогда: О, боже! Если бы ты вывел нас на светлый мир, я бы издал "Сарзаман" Кылыча и распространил среди моего народа". И не только. Преподавали детям букварь, а на вопрос детей, не понявших значение: "Модоке!" что это значит?" сами,не понимая значения, не зная, что ответить,обманывали, отвечали кое-как. А когда дети уходят, остаешься один, приходилось и слезно плакать и восклицать: "Как бы издать на родном языке книги, которые могли бы читать наши дети...!". Теперь вот, в эти годы, мало ли, много ли учащихся киргизов(казахов) в Уфе в медресе "Галия" приступили к осуществлению наших чаяний. Мулла Кылыч, узнав о наших действиях, прислал рукопись этого "Сказания о землетрясении". События-очевидные, писал он о них, чтобы сохранить как историю!

# Именэм Аллаха, Милостивого, милосердного

Первое моё слово – именем Аллаха.
Если уже говорить – разговор в этом:
создал книгу новую.
Подойдите, утки. Мы – журавли.
Говорится в книгах: такой ветер
Бывает опасным раз в век.
Нур Мухаммед, пророк!
В надежде мы, много живых.
Подумайте о прошлом,
Белобородые старики!
Видели вы многое,
Вы, жившие долго.
Приближались большие события,
Прислушивающиеся!
Прошедшее – особая форма
Происходила по своей воле,
В "Зар-Замане" говорил я
О признаках каждой формы.
Аллах, создатель! Каждое дело
Ты сам направь, подправь.
Эта эпоха стала разновидной:
Затряслась земля, заколебалась,
Закачавшиеся небо, земля
Казалось разрушатся;
Творилось дело, неподдающееся представлению;
Спаси, боже, своих людей!
Разрушались горы, падали камни,
Раскололась земля, обваливались овраги,
Все собаки, как есть
Завыли, завизжали, побежали.

Как будто, ждали ангела смерти -
Испугались мы, прятались;
Да спасет сам бог!
Опасались - разрушится небо и земля,
Превратится в прах.
Верблюд на привязи зафыркал,
лошади заржали, забились;
Затряслись каменные ограды,
Козы, овцы, все
Выскочили испугавшись;
Коровы на привязи замычали,
Оборвали веревки,
Суд божий могуч:
Сотворилось сверхтрудное событие,
Заставив вспомнить о смерти.
Дело божье таково:
Да исчезнет человечество!
Разуму непостижимо, если смотреть
На дела всемогущего;
Весь мир в пиршестве (иносказательно Х.А.)
Видишь - какое сотворил;
Голос протяженый, гул,
Испугалась душа, сотрясаясь,
Не думая другое, кроме смерти
Разум спрятался в нору.
Вопрошая - "О, Боже!
Как же будет?" -
Уснувшие дети проснулись,
Не плачут, а спрашивают:
"Что за событие?",
Растерявшись малые дети
И они задумались,
Все воодушевленные создания
Не остались неиспуганными.

Птицы в клетке рвутся,
Лошади захрапели, рвутся.
Как же человек не испугается,
Когда у него в голове разум?
Вот этого, такого
Кто видел, такое событие?
Говорю это понимающему:
Бедственное событие - от самого человека.
Сроду не било такое -
Зашевелилась земля, затряслась.
Создателя - Аллаха могучего
Сила, показанная человеку:
Затмение луны, сползание оврагов,
Раскол солнца, исчезновение света,
Появления множества комет;
Луны, солнца на небе
Обволакивание грязью (Кир чалмак Х.А.)
Как греховность человечества -
Клятва, договор, обещание
Все ушло во восвояси.
Разъезжают в народе ходжи,
Не молятся муллы;
Много присваивали чужого
Разные и разные люди.
Умножилась хитрость,
Кто же знает кроме бога?
Тогда, на том свете
Люди будут допрошены.
Совершенный человеком грех
Увидит земля, на которой он живет.
Узнал я из хадисов:
Вследствие греховности человека
Земля так закачнется.

Что же мне сказать?
Смотрите, люди!
Поскольку душа на сохранении,
Будет правильней быть довольным;
"Сопротивляйся, это по писанию!"
- Какой же мулла скажет?
Кто не знает символ веры
- Станет послушником Сатаны.
Если будет доволен долею
Символ веры у тебя будет цел.
Внемлите, друзья!
Землетрясение - знамение;
(Тоже Х.А) Колебание земли пируя
(иносказательно Х.А.)
Разрушение, исчезновение зданий,
Стенание многих людей,
Иссыхание от горя.
Истоки Чу - Чон-Кемен;
Я передаю, что знаю:
Люди - очевидцы
Передали, что видели:
Более трехсот человек
Погибли от земли (от землетрясения Х.А.)
Придавленные упавшими зданиями
Трупы извлекали, хоронили.
Совершилось дело непостижимое;
Посмотри же на виды эпохи!
Когда мы были маленькими
Колебаний земли бывало,
Понимали это знающие;
Спрашивали:"Что это?"
Многие незнающие ,
Разрушение зданий, сползание земли,

Таких событий не бывало.
Землетрясение в этот раз
Стало равным всем вместе взятым.
Да исчезнет человечество!
Когда опасность над головой
- Слаще всего душа-хозяйка.
Все живое проснулось,
Не приходит сон в глаза;
Затрещали деревянные дома,
Земля гудит, трещит.
Говоря: "Для тебя жертва, боже!"
Наблюдали содрагаясь.
Еще собаки лают,
Воют, визжат, рычат;
Думали разрушится земля,
В испуге содрогались.
Землетрясение в этот раз,
Если подумаете, друзья,
Очень сильным кажется.
Все живое, созданное
Отреклось от единственной души -
Люди, находившиеся в домах
Спасая свою голову
Выбегали голыми.
Внемлите, друзья,
Разве эти слова напрасны?
Бросал лежащую жену,
Забыв о детях
Многие голыми
Выбежали не выдержав,
Да исчезнет человечество!
Вспугнув ум, разум
Не пугай, о, боже!

Упали камни, не только здания,
Не только это и земля раскололась;
Много живого завалили горы
Не оставив никого.
Если вспомнишь и теперь
Бьётся сердце,
Не настращал, как бы там ни было,
Как народа Чон-Кеменя;
Тысячу раз слава богу,
Что сохранил он нас так,
Сотворил благо.
Страх нам показался,
но не было вреда, Боже,
А год наш оказался плохим.
Зазвенела посуда,
Расплескалась вода из кумгана (вид посуды Х.А.).
Да, разве все скажешь,
Вспомнилась тяжелая смерть.
Не выбрасывайте из памяти
Всевышнего со строгим судом.
У истоков Чу - Чон-Кемень:
Место, где раскололись горы,
Придавило многих камнями,
Произошло сползание земли,
Леса на склонах,
Сползли вместе с почвой.
Посмотрите, друзья,
На творение всемогущего:
Сколько живых завалило землей,
Ибо им суждено умереть так;
Разрушились кирпичные дома,
А что с живыми в поле
Случилось? - Кто знает!

Кому не суждена смерть
Аллах-творец даст путь.
Зерно в ямах
Ушло в расщелины земли,
В ущелье пали камни,
Уничтожили дороги;
Деревья, что на склонах
Передвинуло вместе с землей.
Не кончилось расколом гор,
Разрушились монолитные камни.
Кому не суждено умереть
Избегли, спаслись.
У всемогущего много деяний,
Подумай-ка над этим;
Если мне продолжать, - еще много
Удивительного подобно этим:
Из находившихся в постели
Один погиб, один остался.
Где бы то ни было знамение
Будет тому, кому суждено умереть;
Если упадет здание, ударит камнем,
Что может делать человек!
В зыбке одно дитя
Осталось целым, живое,-
Зыбка его разбилась,
Делайте упование!
Подобное "добро" ,
Если продолжать, - еще есть:
Сотрясся Чон-Кемень;
В Байсоруне на солнцепёке
Свалившись дома, придавив камни
Много живого погибло;
Когда спросили у знающих,
Они рассказали, что видели:

Как треснула значительная площадь,
Вошла в Иссык-Куль.
Если не веришь, пойди, посмотри,
Не говори, что это ложь.
Приметы знамения,
Если подумаете, друзья,
- Греховность перед концом света.
Смотрите: дьяволу, я"жужан
Может настало время явиться!
Предсказания писания
Действительно сбываются.
А, может быть бог
Нам показывает свою силу?
Земля сотряслась пируя,
Земля сотряслась пыля и
Не осталось ни одного дома;
С тех пор землетрясение
Необычно пирует ( иносказательно Х.А.).
До этого за два года
Тоже значительно стряслось;
Тогда тоже было трудно:
Человека в постеле
Закачало, как в решете.
После этого в Кашгарии
Разрушилось немало кишлаков.
Сотрясая весь мир
Воля создателя
Показывает своё величие,
Очень великое свое приказание.
Если бы дело было привычное,
Мы бы не боялись, подумали бы,
Но не выдержать невиданное.
Человека темного
Охраняет всех

Бог, доставив довольство,
Питание и долю
Посылает приказав;
Указывает дозволенное
Умному, дав ему удачу.
Чтобы украсить землю
Дал зеленый цвет.
Показывая силу человеку
Каждая крупинка черной земли
Сотряслась колеблясь.
Смотрите на деяние бога:
Небо, земля без подпорок;
Хотя и имеет разум
Человек недоверчив.
Небесное кресло, скрижаль, перо
Есть, это вы знаете;
Если спросите, что это значит,
Нет слов без шва:
Все это земля, небо,
Посмотришь на солнце – светило,
Луну создал светлой,.
Матовой, красивой.
Объяснят муллы,
Если хорошо и осторожно спросить;
Могущ символ твоей веры,
Если сказанному ими поверишь.
Если не веришь смерти,
Попробуй-ка – не ходи.
О земле я говорил,
И куда же уклонился!
Но и эти неплохие слова,
Все воспроизведу в дело.
В небе есть ангелы,
В раю – хауз "каусар";

Приказал человеку
Ходить по земле,
Уму непостижимо
Понять, что за этим кроется;
Человеку следует
Видеть все это в могуществе.
Мы пребываем удивленными,
Что занялся землетрясением.
Да даст человеку терпение
Если испытывает его бог.
Огромный Андижан и просторная Кашгария
Разрушились от землетрясения;
Кому не настало время
Выбежали, спаслись,
А те, которых достигла воля
Попались, оставшись в домах.
В ближайшие пять-шесть лет,
Возможно начнется событие;
Внемлите- ка в это:
Затряслась черная земля.
Разумное создание, пойми,
Если у тебя есть символ веры,
Ходи, не жадничай.
Все мусульмане веры Ислама,
Слушайте слово Кылыча!
Вселенная эта - восемнадцать тысяч,
На своих местах земля, небо,
Восемь раев - беишев
Создано из милосердия;
Неверующего, шайтана проклятого
Сделал обитателями ада;
Дивов, фей, людей
Расселил по этому миру;

Потряс черную землю
Заставляя всего живого терпеть;
Если прикажет бог,
Разрушатся горы, камни;
С Алма-Аты, с Кашгара
Сначала так начал;
Андижан землетрясение
Разрушил.
Не будем говорить кроме
Божьего могущества;
Черная земля цельная,
Это имей в виду,
Если землетрясение в одном месте,
То о нем знают другие.
Удивляйся могуществу,
Смотри на дело создателя:
Вселенная эта - восемнадцать тысяч,
Падает дождь с неба,
Много дел уму не постижимых.
Всякое повеление от бога,
Всякому созданному живому
Доля достается от моего хозяина (имеется в виду бог Х.А.)
Сияющее солнце, небо
Голубое над нами
- Все находится в совершенстве;
Опираясь на его могущество
Небо, земля без подпорки
Подогнаны друг другу;
А что дальше, до конца,
- нехватает разума думать.
Думать нехватает разума,
Остаешься удивленным:

Черную воду сделал свечей
Заставив гореть в темноте;
Вывел пернатого
Из расколотого яйца;
Смотрите на его могущество
Напрягая разум.
Если подумаете, - не отходите
От покаяния заблуждаясь.
Совершится необычное,
Если испортится нрав человека.
Будем пенять на себя,
Если от народа уйдет достаток.
Необычное дело,
Когда затемняются луна и солнце.
Что за деяние случилось,
Я жертва его могущества?
Перевернувшись черная земля
Сползла. Что за событие?
Нехватит разума думать,
Будем в уповании!
Деревья, растущие в горах
Переместились на равнину;
Что за событие, боже?
Не будем жадничать, будем путевыми!
Земля, с которой я говорю, - просторный Кочкор,
Ниже его - Семиз-Бель;
Посмотришь дальше,
- Блестящий Иссык-Куль.
От землетрясения раскололся
Байсорун. Иди, посмотри.
Испугались землетрясения,
Пугалась душа у многих;
Что же делать испугавшись,

Береги, боже, уповаем!
И Чон-Кемен разрушился,
А сколько до этих гор!
Всему народу, о, боже!
Посылай добро.
Братья мусульмане, единоверцы!
Охранитель - бог.
Признаков конца света
Рассказываю я вам;
Это говорится в книгах,
Если не верите, - найду.
То, что будет такое время,
Земля наполнится нечестными,
Совершатся разные события.
Вот таково предсказание.
Недвижимая черная земля
Брыкалась, как дикая лошадь;
Много было больших событий
В результате греховности человека.
Недовольствуясь дозволенным
Продают молоко,
Напрасно расточая богатство
Народ твой делает скандал.
Над нами небо, небеса,
Луна одна, много звезд;
Когда взойдет солнце, - ночь уходит,
Но это другое дело.
Обычное дело
- Размножение всего живого;
Это конец света
- Землетрясение!

## Глаза твои выпучатся

Высказал много слов
Для народов конца света.
Закачалась черная земля
И всегда во время сна.
Сколько я не говорил,
Но не достигал конца.
Конец. Это мое слово
Кончаю в поперек.
Молдо Кылыч, бедный!
В конце концов уйдешь;
Думай о себе,
Что печешься о народе!
Если покаешься о грехах
Достигнешь высот;
Мы видели немало
Умерших.
Всю жизнь говоришь
Кому не равняешься,
Сколько написал сказов,
Откуда тебя хватает.
Земля моя - долина Кочкора,
Народ мой - киргизская среда,
Волости я - Темир-Булатской,
Уезда - Пишпекского,
Рода я - Черикчи,
Это все правильно.
Дед наш - Торогельди ,
Голос его был слышен в народе.
Не обвиняй, подправь,
Если, что есть неточного в моих словах
Настал конец. Окончание
Этих слов моих.

К о н е ц

Перевел - (Х.Ахтямов)

рг..

На второй странице обложки оригинала

Распространяемые нами книги:
( На основе казахской графики)

I. Алифба или прямое чтение,
цена I8 коп., с пересылкой 20 коп.

2. Тулыч. Писал Габдулла Маштак,
цена I0 коп., с пересылкой I2 коп.

3. Урнек. Писал Гумэр Ал-Караши,
цена I2 коп., с пересылкой I4 коп.

4. Киссаи Зильзаля. Мулла Кылыч
Торогельдин, цена дешевая.

Будут изданы книги:

I. Книга для чтения для казахских и
киргизских детей.

2. Краткая книжка "Кырылчылык". Для казахо-
киргизских детей.

3. Зар-Заман. Писал мулла Кылыч.

4. Торжества на поминках знаменитых
киргизов. Мулла Кылыч.

5. Разные птички. В помощь турко-
язычному словарю. Мулла Кылыч.

Эти книги продаются у всех известных книго-
торговцев. Оптовая продажа в городах Троицк, Петро-
павловск, Семипалатинск.

Оптовая продажа произведений муллы Кылыча:
В Токмаке в библиотеке "Икбал".

В Пржевальске в магазинах Сулейманова и Габдулва-
лиева, на рынке в Кара-Коо у муллы Султана Кыр-
гызбаева.

Основной адрес: Уфа. Медресе Галия
Ишан-Гали АРАБАЕВУ.

Перевел: (Х.Ахтямов)